**Бишкек шаарындагы №57 жалпы билим берүү орто мектебинин**

**кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча**

**усулдук бирикменин жылдык**

**отчёту**

Бишкек шаарындагы №57 жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты сабактарынын усулдук бирикмеси 2020 -2021- окуу жылында “Жаңы кадам, жаңы технологиялар менен билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү”деген темасына ылайыктап усулдук бирикмеде мугалимдерге окутуунун сапатын эффективдүү жана натыйжалуу көтөрүүгө багыт берилип,окуу тарбия ишиндеги ар кыл суроолорду, сабактардын планын жана программасын иштеп чыгууга,мугалимге билим берүүнү

информатизациялоого,кесиптик сапатын жогорлатууга,информатикалык жана эсептөө техникасын кеңири колдонууга багыт берилди.

Жыл башынан кыргыз тили жана адабияты сабактарынын усулдук бирикменин иши пландаштырылып,толугу менен аткарылды.

Окуу жылдын башынан эле ар бир иш өз нугу менен жүрө баштады.

Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча усулдук бирикмесинин

милдети

1.Окутуунун заманбап инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен кеп маданиятын өнүктүрүү.Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.Интернет

менен байланыштыруу, интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен формативдик баалоону ишке ашыруу аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

2.Мугалимдердин тажрыйбаларын райондук,областтык масштабда жайылтуу,профессионалдуулугун арттыруу.

3.Кыргыз элинин адептик жана рухий-ыймандык дөөлөттөрүбүздү сактоо

менен окуучуларды нравалык тарбия берүүгө жетишүү.

4.Коомчулук жана ата-энелер менен байланышты чыңдоо менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча усулдук бирикмеде 8 мугалим эмгектенет.Жогорку категориядагы мугалим -6,биринчи категориядагы мугалим – 1,ал эми жаш мугалимден -1 мугалим иштейт.

Усулдук бирикмени эң ардактуу Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими,Кыргыз ССРинин элге билим берүү отличниги, “Кыргыз тили”төш

Сканировано с CamScanner

белгисинин ээси, Эмгек ардагери,Усулчу мугалим,бир нече окуу китебинин автору жана методика иштелмелеринин ээси-Абылаева Нурия Абылаевнанын жетекчилигинде эмгектенип келе жатабыз.

Ар бир мугалим өз кесиби менен сыймыктанса болот.Анткени алар мектеп , район, шаар аралык кароо-сынактарга катышып,өз тажрыйбалары менен бөлүшүп, эң жогорку ийгиликтерге жетишишти.

2-11- класстарда окуу процессин дистанттык түрдө окутуу болгондуктан

кыргыз тили жана адабияты мугалими Чоткараева Курманбүбү Жумаковна

2020-2021- окуу жылында окуучуларга телекоммуникация аркылуу телесабак

өтүү менен жогорку ийгиликтерге жетишти .Дистанттык түрдө билим алуу үчүн окуучуларга телесабактар шарттуу түрдө түзүлүп берилген.Ошону менен бирге,1-класстартын окуучуларынын окуу көндүмдөрү калыптандырылбагандыгын эске алып биринчи чейректе санитардык-гигиеналык талаптарды аткаруу менен окутуу салттуу түрдө жүргүзүлдү.

Короновирус инфекциясына байланыштуу аралыктан окутуу мезгилинде ар кандай иш чаралар өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө”Мыйзамынын 31жылдыгынын уюштуруу жана өткөрүү үчүн 15-сентябрдан-15-октябрына чейин бир айлык иш планы бекитилип мугалимдер окуучулар менен тыгыз байланышта иш алып барышты.

Мамлекеттик тилинин 31жылдыгына карата.1-4-7-9-11-класстар арасында

“Бирге окуйбуз”көркөм окуу сынагы өткөрүлдү.Ар бир мугалим окуучулардын ата-энелери менен биргелешип окуп жаткан видеолорун

слайд жасап жыйынтыкташкан.Окуучулар чыгармадагы оң жана терс каармандарын тарткан сүрөттөрүнөн дубал гезитин чыгарышкан.

“Эл дөөлөтү-эне тил”көркөм окуу сынагында жогорку класстын окуучулары активдүү катышышкан.

Ноябрь айында 10-11класстар мектеп аралык олимпиадага активдүү катышышты.Тапшырмалар тесттик жана текстик,логикалык ой жүгүртүү

суроолордон түзүлгон.Төмонку окуучулар мектеп аралык олимпиадада байгелүү орундарды ээлешти. Алар: орус тилдүү класстар 11-А лассынын окуучусу Мусабекова Сезим “1” орунду ээлеген,ал эми Эркинбек кызы Аймандай “2”орунду ээлеген.10-Аклассынын окуучусу Үсөн кызы Милана

“1”орунга ээ болгон,Эржанова Айсулуу “2”орунга ээ.Кыргыз тилинде окуган

Сканировано с CamScanner

10-Г классынын окуучусу Кубанычбекова Айиза "1"орунга ээ, «2»орунду Мамыева Айпериге берилген .Кыргыз тили жана адабияты сабагынын усулдук бирикмесинде олимпиаданын жыйынтыгы каралып райондук олимпиадага төмөнкү окуучуларга :Үсөн кызы Милана-10-А,Мусабекова Сезим-11-А,Кубанычбек кызы Айиза-10-Г.табыштама берилди.

4-декабрь район аралык"Манас эпосунун күнүнө"карата,аралыктан видео тартылып,слайд жасалып,районго жиберилди.

12-декабрь «Айтматов менен кездешүү»аттуу көркөм окуу кароо-сынагына

10-Г классынын окуучусуКубанычбек кызы Айиза "Саманчынын жолу.Толгонайдын образы"деген темада монолог айтып,байгелик орунга ээ болгон.

12-декабрь «Алыкул Осмонов-105жаш» деген темада окуучуларга чыгармаларынан видео аркылуу көркөм окуу тапшырмасы берилип, мугалимдер тарабынан слайд жасалды.Класстан тышкаркы иштерге толук

аралыктан катышууга аракеттендик.Окуучулардын билимин туура баалоосу, алардын мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып баргандыгынан байкалат.

Биринчи жарым жылдыкта пландаштырылган иш чаралар толугу менен

өткөрүлдү.Балдардын билим деңгээли орто.Окууга тескери таасир берүүчү

себептер- бул орус тилдүү балдар аралыктан окугандыктан жана бир убакытта телефонго бардык сабактардан тапшырмалар келгендиги,телефондун бузулушу себеп болгон.Ошонун негизинде окуучулардын билим сапаты томондоп кеткен.

Аралыктан окууга керектүү зарыл техникалык каражаттар сапаттуулугу начар болгондуктан балдар үчүн аралыктан окуу кыйын болууда.

Экинчи жарым жылдыкта 1,5,9,11-класстардын окуучулары салттуу түрдө окуй башташты.Март айында 2,3,4-класстар да салттуу түрдө окууга кошулушкан.Биздин кыргыз тилин окуткан мугалимдер тобу толук максатына жетти.Алар сабак берүү менен бирге ата-энелер менен толук кандуу иштешти. Тилекке каршы өз ишине так жооп бере албай калгандар да болду.

Мектеп аралык жайында кыргыз тили кафедрасы иш тажрыйбасы менен бөлүшүү максатында мектептин планына киргизилген илимий темадагы эки чоң иш тажрыйбасы менен **бөлүштү1.Абылаева Нурия Абылаевна "Кыргыз тилин сынчыл ойлом аркылуу окутууда теориялык-практикалык компетентүүлүккө үйрөтүү "деген темада доклад**

Сканировано с CamScanner

**жасады. Маткеримова Сайракан Шаршеновна практикалык ишин окуучуларды аралыктан окутуу боюнча 5- класска кыргыз адабиятынан Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуунун ыкмаларын көрсөтүп кесиптештеринин алкышына ээ болду.**

**2.Абылаева Нурия Абылаевна "Окуучулар менен этномаданий багытта аңгемелешүүлөрдү жүргүзүлүүчү иштер" деген темада да доклад жасап,өзүнүн иш тажрыйбасы менен бөлүшүп,дагы бир ирет тил адамдын байланыш- катнашынын гана куралы эмес,ал улуттун рухун таанып билүүнүн да негизги каражаты экендигин түшүндүрдү. Ажыбаева Анара Смановна кыргыз класстарда кыргыз адабиятын кантип түшүндүрүп жаткандыгын кошумчалады.**

Кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын бири, педагог, котормочу ,публицист , тунгуч лексикограф жана лексиколог Хусейин Карасаевдин 120 жылдыгына карата кыргыз тили жана адабият кафедрасында бир айлык "Тил- достуктун ачкычы"деген темада декада өткөрүлдү. Хусейин Карасаевге арналган көргөзмөлүү бурч чыгарылган. Исмаилова Аджаркуль Мухтаровна 9-а,9-б класстарындаХусейин Карасаевдин 120жылдыгына карата "Өмүрү жана чыгармачылыгы"деген темада сабак конференция өттү.

2020-2021-окуу жылына карата кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстардын жылдык мониторинги төмөнкүдөй: билим сапаты 72,25% жетишүүсү 100%

Ал эми окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын жылдык мониторинги төмөнкүдөй:билим сапаты 56% ,жетишүүсү100%

№57 жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты боюнча орус жана кыргыз класстары биригип сапаты64%,жетишүүсү 100%

Окуу жылына коюлган жалпы багыттар иштелип толугу менен аткарылып иштелди.

**УБ жетектөөчү:** **Исмаилова А.М.**

Сканировано с CamScanner